ЖОГОРКУ КЕҢЕШ



# ЖОГОРКУ КЕҢЕШТИН СЕССИЯ МЕЗГИЛИНДЕГИ ИШИ ЖӨНҮНДӨ

# ОТЧЕТ

(2019-ЖЫЛДЫН 1-СЕНТЯБРЫ 2020-ЖЫЛДЫН 1-ИЮНУ)

Бишкек 2020

# ЖОГОРКУ КЕҢЕШТИН СЕССИЯ МЕЗГИЛИНДЕГИ ИШИ ЖӨНҮНДӨ

# ОТЧЕТ

(2019-ЖЫЛДЫН 1-СЕНТЯБРЫ 2020-ЖЫЛДЫН 1-ИЮНУ)

## VI ЧАКЫРЫЛЫШ

7-СЕССИЯ

*ISBN*

*Ушул отчетто Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин 2019-жылдын сентябрынан 2020-жылдын июнуна чейинки ишинин жыйынтыктуу натыйжалары, салыштырма аналитикалык маалыматтар камтылган жана бет ачары парламенттин өткөн сессиялардагы ишинин жыйынтыгын чыгарууда болгон отчеттун форматын улантат*

# МАЗМУНУ


КИРИШ СӨЗ

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Төрагасы Д. Жумабеков ................................ 4-5

ИНФОГРАФИКА

Жогорку Кеңештин фракциялары ................................ 6
Жогорку Кеңештин комитеттери ................................ 7
Жогорку Кеңештин убактылуу комиссиялары................................ 8-9
Депутаттар жөнүндө маалыматтар................................ 10-11
Жогорку Кеңештин жыйналыштары................................ 12
Демилгелөө субъектилери боюнча мыйзам долбоорлорунун саны ................................ 12
Жогорку Кеңештин токтомдору................................ 13
Мыйзам долбоорлорунун кыймылы жөнүндө маалымат................................ 14
Мыйзам долбоорлоруна экспертиза ................................ 14
Президент кол койгон мыйзамдар................................ 15
Президент Жогорку Кеңешке кайтарган мыйзамдар................................ 15
Жогорку Кеңешке жарандардын кайрылуулары................................ 16
Төраганын Кыргыз Республикасы боюнча жумушчу жолугушуулары ................................ 17
Кайрылуулардын мүнөзү боюнча Төрагага жөнөтүлгөн каттар................................ 17
Жогорку Кеңештин фракцияларынын жыйындары................................ 18
Фракциялар өткөргөн иш-чаралар ................................ 18
Жарандардын фракцияларга кайрылуулары ................................ 19-21
Жарандарды фракцияларда кабыл алуу ................................ 22-23
Фракциялар боюнча депутаттык суроо-талаптар................................ 22-23
Фракциялар жана кайрылуулардын мүнөзү боюнча депутаттык суроо-талаптар................................ 24-25
Парламенттик көпчүлүк жана парламенттик оппозиция ................................ 26
Жарандардын Жогорку Кеңештин комитеттерине кайрылуулары ................................ 27-29
Комитеттер өткөргөн иш-чаралар ................................ 27
Парламенттик угуулар жөнүндө маалыматтар ................................ 30
Парламенттик контроль жөнүндө маалыматтар ................................ 31-35
Комитеттер боюнча Жогорку Кеңеш кабыл алган мыйзамдар ................................ 36
Комитеттерде каралган маселелер ................................ 37
Кабыл алынган мыйзамдар жөнүндө кыскача маалымат ................................ 38-59
Кабыл алынган токтомдор жөнүндө кыскача маалымат ................................ 54-55
Жогорку Кеңештин парламенттер аралык кызматташтыгынын картасы................................ 60
Жогорку Кеңештин депутаттарынын чет элдик жумушчу иш сапарлары ................................ 60
Жогорку Кеңештин Төрагасынын чет өлкөлүк меймандар менен жолугушуусу ................................ 61
Жогорку Кеңештин парламенттер аралык уюмдар менен кызматташтыгы................................ 61
Жогорку Кеңештин Төрагасынын чет элдик иш сапарлары жана жолугушуулары ................................ 62
Жарандык коом жана ЖМК менен өз ара аракеттенүү ................................ 63-66
Парламенттин иш календары................................ 66
Дүйнө парламенттери ................................ 70-71



## Дастанбек Жумабеков

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Төрагасы

*Жогорку Кеңештин кезектеги сессиялык мезгилиндеги иши өлкөнүн белгиленген стратегиялык максаттарын ишке ашыруунун ырааттуу кадамы болду.*

*Саясий, социалдык-экономикалык, сот-укуктук реформаларды ишке ашырууга багытталган бир катар мыйзамдар кабыл алынды. Аймактарды өнүктүрүү жана санариптештирүү жылынын алкагындагы иш-чараларды мыйзамдык жактан камсыз кылуу жана колдоо улантылды.*

*Сессиялык мезгилдин ичинде Жогорку Кеңеш тарабынан 72 пленардык жыйналыш өткөрүлүп, 136 мыйзам, 614 токтом кабыл алынды. Премьер-министрдин, Башкы прокурордун, Улуттук банктын жана Эсеп палатасынын төрагаларынын ар жылдык отчеттору угулду. Жарандардын 15 372 кайрылуусу каралып, шайлоочулар менен 29 000 ден ашуун жолугушуулар өткөрүлдү. Ошондой эле парламент аралык кызматташууну чыңдоо боюнча жигердүү иш алып барылды.*

*Жогорку Кеңеш учурдагы сессияны өзгөчө шартта жана кырдаалда аяктап жатканын баса белгилегим келет. Дүйнөлүк коомчулук доордун кезектеги катаал чакырыгына – коронавирус*

инфекциясынын жапырт жайылышына туш болду. Көптөгөн өлкөлөрдө, алардын өнүгүп-өсүү деңгээлдеринин кандай экендигине карабастан, COVID-19 өзгөчө кырдаалдарга карата калктын жашоо-тиричилигин камсыз кылуу тутумунун даярдык чөйрөсүндө орун алган олуттуу көйгөйлөр бар экендигин ашкерелеп салды.

Күтүүсүз жаралган жагдайлар эпидемия менен натыйжалуу күрөшүү үчүн учурга шайкеш чечкиндүү чечимдерди кабыл алууну талап кылды. Кыргыз Республикасынын Президентинин, Жогорку Кеңештин, Өкмөттүн жана бийликтин жергиликтүү органдарынын ырааттуу аракеттери калктын жапырт коронавирус инфекциясына чалдыгуусун болтурбай, сактап калууга мүмкүнчүлүк берди. Жогорку Кеңеш өзү тарабынан социалдык-экономикалык абалды турукташтырууга жана калктын ден-соолугун коргоону камсыз кылууга багытталган бир катар мыйзамдарды кабыл алды.

Жогорку Кеңештин атынан Кыргызстандын элине, жарандык активисттерге, бизнес өкүлдөрүнө көрүлгөн күч-аракеттерди түшүнүү менен кабылдап, колдоого алгандыктары үчүн терең ыраазычылык сөздөрүмдү айтмакчымын. Пандемия менен күрөшүүнүн алдыңкы чектеринде болушкан биздин саламаттык сактоо тутумунун, жарандык коргоо жана укук коргоо органдарынын кызматкерлерине өзгөчө терең ыраазычылык билдиремин.


Кийинки убактарда коомчулуктун, саясий күчтөрдүн жана жалпыга маалымдоо каражаттарынын көңүлү шайлоо мыйзамдарына бурулуп турат. Ар кыл саясий күчтөр партиялык тизмелерди түзүү, шайлоо босогосу жана күрөөсү, партияларды каржылоо жана башка маселелер боюнча өздөрүнүн көз караштарын билдиришүүдө. Шайлоо алдындагы мындай демилгелерди жана ынтызарлыктарды туура түшүнүү менен, парламент ар тараптан ойлонулуп, таразаланган чечимдерди кабыл алды.

Алдыда турган шайлоо өлкөдөгү абдан маанилүү саясий окуялардан болушу күтүлүүдө. Ушуга байланыштуу бардык саясий күчтөрдүн шайлоо өнөктүгүн ийгиликтүү өткөрүп алууларын каалаймын. Биздин парламенттик демократиянын негиздерин жана бийликти тынчтык жолу менен өткөрүп берүү салтын чыңдоону улантуу менен, адилеттүү, ачык-айкын, таза шайлоо өткөрүп аларыбызга терең ишенемин.


Акырында Кыргыз Республикасынын Президентине, Жогорку Кеңештин депутаттарына, Премьер-министрге, мамлекеттик жана жергиликтүү органдардын, жарандык коомдун, жалпыга маалымдоо каражаттарынын өкүлдөрүнө, биздин эл аралык өнөктөштөргө жемиштүү жана конструктивдүү кызматташкандыктары үчүн терең ыраазычылык билдиремин.

## ЖОГОРКУ КЕҢЕШТИН ФРАКЦИЯЛАРЫ

### 120 ДЕПУТАТ



# ЖОГОРКУ КЕҢЕШТИН КОМИТЕТТЕРИ





● Парламенттик көпчүлүк коалициясы башкарган комитеттер

● Парламенттик оппозиция башкарган комитеттер

Комитеттин төрагасы

## ЖОГОРКУ КЕҢЕШТИН УБАКТЫЛУУ КОМИССИЯЛАРЫ

### «Улуттук энергетикалык холдинг компаниясы» ААК берген электр энергиясынын жоготууларынын деңгээлинин, бөлүштүрүүчү энергокомпанияларындагы дебитордук карыздын деңгээлинин көрсөтүлгөн сандарынын аныктыгын иликтөө, энергетика тутумундагы коррупциялык схемалардын кесепеттерин иликтөө, электр энергиясын эсепке алуунун автоматташтырылган тутумун киргизүү жана Кыргыз Республикасында энергетика секторун өнүктүрүүнүн абалы жана келечектери боюнча



2019-жылдын
5-декабрында
ТҮЗҮЛГӨН

2020-жылдын
4-июнунда
ЖОГОРКУ КЕНЕШ
ТАРАБЫНАН
УЗАРТЫЛГАН

АЯКТОО МӨӨНӨТҮ
2020-жылдын
30-июну

Комиссиянын төрагасы

КСДП

Республика-Ата Журт


Кыргызстан

Өнүгүү-Прогресс

Бир Бол

Ата Мекен

### Жаран Айэркен Саймаитинин инсандыгына байланыштуу жагдайларды иликтөө жана маалыматтарды текшерүү боюнча




2019-жылдын
21-ноябрында
ТҮЗҮЛГӨН

2020-жылдын
21-майында
ЖОГОРКУ КЕНЕШ
ТАРАБЫНАН
УЗАРТЫЛГАН

АЯКТОО МӨӨНӨТҮ
2020-жылдын
21-июну

### «Кесиптик бирликтер жөнүндө»" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын аткарылышын иликтөө боюнча



2019-жылдын
23-октябрында
ТҮЗҮЛГӨН

2020-жылдын
30-апрелинде
ЖОГОРКУ КЕНЕШ
ТАРАБЫНАН
УЗАРТЫЛГАН

АЯКТОО МӨӨНӨТҮ
2020-жылдын
2-июну

## ЖОГОРКУ КЕҢЕШТИН УБАКТЫЛУУ КОМИССИЯЛАРЫ

**“Датка-Кемин” 500 кВ электр өткөргүч линиясын жана “Кемин” 500 кВ көмөкчү чордонун куруу” жана “Кыргызстандын түштүгүндө электр өткөргүчтөр линияларын модернизациялоо” долбоорлорун ишке ашырууга багытталган кредиттик каражаттардын натыйжалуу жана максаттуу пайдаланышын текшерүү боюнча**




2018-жылдын
6-декабрында
ТҮЗҮЛГӨН

2019-жылдын
26-июнунда
ЖОГОРКУ КЕНЕШ
ТАРАБЫНАН
УЗАРТЫЛГАН

АЯКТОО МӨӨНӨТҮ
2019-жылдын
31-октябры

**2017-жылдын 16- январында кыйроого учураган учактын бортунда ташылган жүктөрдүн тиешелүүлүгүн аныктоо боюнча**




2017-жылдын
19-январында
ТҮЗҮЛГӨН


АЯКТАГАН
2017-жылдын
20-июнунда




Корутунду ЖК
кароосуна киргизилген
КАРАЛГАН ЭМЕС



**Бишкек шаары, Скрябин көчөсү, 45-45/А дареги боюнча жайгашкан М. Бакиевге тиешелүү 1,28 гектар жалпы аянтындагы жер участогун, ошондой эле К. Бакиевдин айлана-чөйрөсүнө мурда тиешелүү болгон башка объектилерди сатуу фактыларына тийиштүү маселелерди иликтөө боюнча**



2017-жылдын
18-январында
ТҮЗҮЛГӨН

2019-жылдын
6-февралында
ЖОГОРКУ КЕНЕШ
ТАРАБЫНАН
УЗАРТЫЛГАН

АЯКТОО МӨӨНӨТҮ
2019-жылдын
30-июну

## ДЕПУТАТТАР ЖӨНҮНДӨ МААЛЫМАТТАР




## ДЕПУТАТТАРДЫН ЖК ЧЕЙИН ИШМЕРДИГИ




## ДЕПУТАТТАР ЖӨНҮНДӨ МААЛЫМАТТАР

### ГЕНДЕРДИК ЖАНА КУРАКТЫК БЕЛГИ БОЮНЧА






## ЖОГОРКУ КЕҢЕШТИН ЖЫЙНАЛЫШТАРЫ



ӨТКӨРҮЛГӨН ЖЫЙНАЛЫШТАРДЫН САНЫ




## ДЕМИЛГЕЛӨӨ СУБЪЕКТИЛЕРИ БОЮНЧА МЫЙЗАМ ДОЛБООРЛОРУНУН САНЫ




# **614 токтом** кабыл алынган

**421** мыйзам долбоорлорун кароо маселелери боюнча


**118** ЖК ишин уюштурууга байланышкан маселелер боюнча

**19** мамлекеттик, коомдук-саясий жана социалдык-экономикалык өнүктүрүү маселеси боюнча

**56** өкүлчүлүк жана контролдук ыйгарым укуктарды аткарууга байланышкан маселе боюнча



## МЫЙЗАМ ДОЛБООРЛОРУНУН КЫЙМЫЛЫ ЖӨНҮНДӨ МААЛЫМАТ




## МЫЙЗАМ ДОЛБООРЛОРУНА ЭКСПЕРТИЗА

**266 мыйзам долбooруна экспертиза өткөрүлгөн**



## ПРЕЗИДЕНТ КОЛ КОЙГОН МЫЙЗАМДАР




## ПРЕЗИДЕНТ ЖОГОРКУ КЕҢЕШКЕ КАЙТАРГАН МЫЙЗАМДАР






**3** Президенттин каршы пикирине макул болуу

**1** макулдашуу тобу түзүлгөн


**4** макулдашылган вариант кабыл алынган

## ЖОГОРКУ КЕҢЕШКЕ ЖАРАНДАРДЫН КАЙРЫЛУУЛАРЫ




## ТӨРАГАНЫН КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ БОЮНЧА ЖУМУШЧУ ЖОЛУГУШУУЛАРЫ




## КАЙРЫЛУУЛАРДЫН МҮНӨЗҮ БОЮНЧА ТӨРАГАГА ЖӨНӨТҮЛГӨН КАТТАР



## ЖОГОРКУ КЕҢЕШТИН ФРАКЦИЯЛАРЫНЫН ЖЫЙЫНДАРЫ

- КСДП — 8/0/0
- Республика - Ата Журт — 4/0/0
- Кыргызстан — 2/34/1
- Өнүгүү-Прогресс — 3/34/0
- Бир Бол — 41/1/0
- Ата Мекен — 11/37/2




КЕЗЕКТЕГИ /КЕЗЕКСИЗ /КӨЧМӨ


## ФРАКЦИЯЛАР ӨТКӨРГӨН ИШ-ЧАРАЛАР

| | СДПК | РЕСПУБЛИКА - АТА ЖУРТ | КЫРГЫЗСТАН | Өнүгүү-Прогресс | БИР БОЛ | АТА МЕКЕН |
|---|---|---|---|---|---|---|
| ШАЙЛООЧУЛАР МЕНЕН ЖОЛУГУШУУЛАР | 162 | 84 | 236 | 156 | 557 | 25 |
| ТЕГЕРЕК ҮСТӨЛДӨР | 0 | 0 | 0 | 3 | 0 | 0 |
| КОНФЕРЕНЦИЯЛАР | 0 | 0 | 0 | 4 | 0 | 0 |
| КООМДУК ТАЛКУУЛООЛОР | 0 | 0 | 0 | 4 | 0 | 2 |

## ЖАРАНДАРДЫН ФРАКЦИЯЛАРГА КАЙРЫЛУУЛАРЫ




### ФРАКЦИЯЛАРГА ЖАРАНДАРДЫН КАЙРЫЛУУЛАРЫНЫН МҮНӨЗҮ



## ЖАРАНДАРДЫН ФРАКЦИЯЛАРГА КАЙРЫЛУУЛАРЫ

| | СДПК | | РЕСПУБЛИКА - АТА ЖУРТ | | КЫРГЫЗСТАН | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | 2018 - 2019 | 2019 - 2020 | 2018 - 2019 | 2019 - 2020 | 2018 - 2019 | 2019 - 2020 |
| Бишкек шаары | 378 | 628 | 1305 | 1335 | 1184 | 1231 |
| Чүй облусу | 286 | 365 | 1085 | 1125 | 293 | 391 |
| Ош облусу | 271 | 422 | 407 | 438 | 207 | 298 |
| Жалал-Абад облусу | 171 | 303 | 442 | 462 | 227 | 298 |
| Баткен облусу | 109 | 169 | 279 | 299 | 104 | 177 |
| Нарын облусу | 140 | 183 | 468 | 498 | 206 | 246 |
| Ысык-Көл облусу | 164 | 212 | 390 | 405 | 163 | 148 |
| Талас облусу | 137 | 188 | 430 | 440 | 289 | 277 |
| БАШКАЛАР | 45 | 92 | 1 | 11 | 32 | 40 |


# ЖАРАНДАРДЫН ФРАКЦИЯЛАРГА КАЙРЫЛУУЛАРЫ

| Өнүгүү-Прогресс | | БИР БОЛ | | АТА МЕКЕН | |
|---|---|---|---|---|---|
| 2018 - 2019 | 2019 - 2020 | 2018 - 2019 | 2019 - 2020 | 2018 - 2019 | 2019 - 2020 |
| 476 | 378 | 592 | 341 | 718 | 499 |
| 253 | 149 | 194 | 155 | 444 | 384 |
| 153 | 136 | 287 | 125 | 298 | 322 |
| 184 | 123 | 354 | 205 | 292 | 342 |
| 8 | 16 | 36 | 32 | 67 | 86 |
| 12 | 12 | 78 | 225 | 120 | 53 |
| 27 | 46 | 96 | 162 | 109 | 85 |
| 16 | 19 | 16 | 38 | 111 | 69 |
| 2 | 17 | 0 | 6 | 0 | 3 |

## ЖАРАНДАРДЫ ФРАКЦИЯЛАРДА КАБЫЛ АЛУУ

| | | ФРАКЦИЯ ЛИДЕРИ | ДЕПУТАТТАР | КООМДУК КАБЫЛ АЛУУ |
|---|---|---|---|---|
| СДПК | 2019-2020 | 1463 | 6389 | 405 |
| | 2018-2019 | 1542 | 5420 | 301 |
| РЕСПУБЛИКА - АТА ЖУРТ | 2019-2020 | 821 | 5890 | 417 |
| | 2018-2019 | 1235 | 4925 | 378 |
| КЫРГЫЗСТАН | 2019-2020 | 211 | 5332 | 120 |
| | 2018-2019 | 382 | 5102 | 229 |


## ФРАКЦИЯЛАР БОЮНЧА ДЕПУТАТТЫК СУРОО-ТАЛАПТАР



## ЖАРАНДАРДЫ ФРАКЦИЯЛАРДА КАБЫЛ АЛУУ

| | | ФРАКЦИЯ ЛИДЕРИ | ДЕПУТАТТАР | КООМДУК КАБЫЛ АЛУУ |
|---|---|---|---|---|
| Өнүгүү-Прогресс | 2019-2020 | 386 | 1015 | 1974 |
| | 2018-2019 | 304 | 983 | 1132 |
| БИР БОЛ | 2019-2020 | 80 | 1041 | 80 |
| | 2018-2019 | 136 | 599 | 143 |
| АТА МЕКЕН | 2019-2020 | 313 | 1839 | 234 |
| | 2018-2019 | 1620 | 1978 | 1948 |

## ФРАКЦИЯЛАР БОЮНЧА ДЕПУТАТТЫК СУРОО-ТАЛАПТАР




## ФРАКЦИЯЛАР ЖАНА КАЙРЫЛУУЛАРДЫН МҮНӨЗҮ БОЮНЧА ДЕПУТАТТЫК СУРОО-ТАЛАПТАР

| | СДПК 2019 - 2020 | | РЕСПУБЛИКА - АТА ЖУРТ 2019 - 2020 | | КЫРГЫЗСТАН 2019 - 2020 | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Мыйзамдуулук жана укук тартиби | 25 | 29 (2018-2019) ▼ | 8 | 12 (2018-2019) ▼ | 6 | ▲ 5 (2018-2019) |
| Экономика | 18 | 30 (2018-2019) ▼ | 17 | 24 (2018-2019) ▼ | 8 | 14 (2018-2019) ▼ |
| Айыл чарбасы | 8 | 16 (2018-2019) ▼ | 7 | 17 (2018-2019) ▼ | 2 | 9 (2018-2019) ▼ |
| Билим берүү, илим, жаштар иши, маданият, спорт | 22 | 30 (2018-2019) ▼ | 24 | ▲ 22 (2018-2019) | 9 | 13 (2018-2019) ▼ |
| Саламаттык сактоо | 13 | 17 (2018-2019) ▼ | 8 | 13 (2018-2019) ▼ | 6 | ▲ 4 (2018-2019) |
| Жергиликтүү өз алдынча башкаруу | 7 | 9 (2018-2019) ▼ | 5 | 11 (2018-2019) ▼ | 1 | 1 (2018-2019) |
| Калкты социалдык коргоо | 7 | 14 (2018-2019) ▼ | 4 | 8 (2018-2019) ▼ | 0 | 2 (2018-2019) ▼ |
| Башка маселелер | 48 | 50 (2018-2019) ▼ | 50 | 54 (2018-2019) ▼ | 25 | 28 (2018-2019) ▼ |
| БААРЫ | 148 | 195 (2018-2019) ▼ | 123 | 161 (2018-2019) ▼ | 57 | 76 (2018-2019) ▼ |

## ФРАКЦИЯЛАР ЖАНА КАЙРЫЛУУЛАРДЫН МҮНӨЗҮ БОЮНЧА ДЕПУТАТТЫК СУРОО-ТАЛАПТАР


| Өнүгүү-Прогресс 2019 - 2020 | | Бир Бол 2019 - 2020 | | Ата Мекен 2019 - 2020 | | БААРЫ 2019 - 2020 | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 3 | 6 (2018-2019) ▼ | 4 | 12 (2018-2019) ▼ | 6 | ▲ 2 (2018-2019) | 52 | 66 (2018-2019) ▼ |
| 8 | 20 (2018-2019) ▼ | 5 | 16 (2018-2019) ▼ | 5 | ▲ 2 (2018-2019) | 61 | 106 (2018-2019) ▼ |
| 1 | 7 (2018-2019) ▼ | 1 | 8 (2018-2019) ▼ | 0 | 3 (2018-2019) ▼ | 19 | 60 (2018-2019) ▼ |
| 6 | 9 (2018-2019) ▼ | 11 | ▲ 8 (2018-2019) | 5 | ▲ 4 (2018-2019) | 77 | 86 (2018-2019) ▼ |
| 6 | ▲ 1 (2018-2019) | 1 | 5 (2018-2019) ▼ | 2 | 2 (2018-2019) | 36 | 42 (2018-2019) ▼ |
| 3 | 6 (2018-2019) ▼ | 2 | 5 (2018-2019) ▼ | 5 | ▲ 0 (2018-2019) | 23 | 32 (2018-2019) ▼ |
| 5 | ▲ 1 (2018-2019) | 3 | 3 (2018-2019) | 3 | 4 (2018-2019) ▼ | 22 | 32 (2018-2019) ▼ |
| 21 | 28 (2018-2019) ▼ | 21 | ▲ 14 (2018-2019) | 9 | ▲ 6 (2018-2019) | 174 | 180 (2018-2019) ▼ |
| 53 | 78 (2018-2019) ▼ | 48 | 71 (2018-2019) ▼ | 35 | ▲ 23 (2018-2019) | 464 | 604 (2018-2019) ▼ |

## ПАРЛАМЕНТТИК КӨПЧҮЛҮК ЖАНА ПАРЛАМЕНТТИК ОППОЗИЦИЯ





*Парламенттик көпчүлүк – депутаттык мандаттын жарымынан көбүнө ээ болгон фракция же фракциялардын коалициясы*
*Парламенттик азчылык – парламенттик көпчүлүктүн коалициясына кирбеген фракция же фракциялар*

## ЖАРАНДАРДЫН ЖОГОРКУ КЕҢЕШТИН КОМИТЕТТЕРИНЕ КАЙРЫЛУУЛАРЫ




## КОМИТЕТТЕР ӨТКӨРГӨН ИШ-ЧАРАЛАР



## ЖАРАНДАРДЫН ЖОГОРКУ КЕҢЕШТИН КОМИТЕТТЕРИНЕ КАЙРЫЛУУЛАРЫ

| | Бишкек шаары | | Чүй облусу | | Ош облусу | | Жалал-Абад облусу | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | 2018 - 2019 | 2019 - 2020 | 2018 - 2019 | 2019 - 2020 | 2018 - 2019 | 2019 - 2020 | 2018 - 2019 | 2019 - 2020 |
| Конституциялык мыйзамдар, мамлекеттик түзүлүш, сот-укук маселелери жана Жогорку Кеңештин Регламенти боюнча комитет | 270 | 343 | 72 | 145 | 65 | 38 | 41 | 25 |
| Эл аралык иштер, коргоо жана коопсуздук боюнча комитет | 55 | 12 | 5 | 31 | 6 | 5 | 10 | 7 |
| Агрардык саясат, суу ресурстары, экология жана регионалдык өнүктүрүү боюнча комитет | 406 | 282 | 153 | 110 | 166 | 120 | 252 | 268 |
| Социалдык маселелер, билим берүү, илим, маданият жана саламаттык сактоо боюнча комитет | 255 | 142 | 42 | 58 | 68 | 67 | 61 | 42 |
| Отун-энергетикалык комплекси жана жер казынасын пайдалануу боюнча комитет | 64 | 26 | 43 | 38 | 34 | 10 | 47 | 6 |
| Транспорт, коммуникациялар, архитектура жана курулуш боюнча комитет | 147 | 36 | 8 | 14 | 11 | 4 | 6 | 4 |
| Экономикалык жана фискалдык саясат боюнча комитет | 117 | 60 | 30 | 32 | 37 | 9 | 13 | 21 |
| Бюджет жана финансы боюнча комитет | 41 | 38 | 35 | 22 | 54 | 42 | 22 | 18 |
| Укук тартиби, кылмыштуулук менен күрөшүү жана коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча комитет | 304 | 341 | 74 | 148 | 71 | 83 | 54 | 21 |

● Парламенттик көпчүлүк коалициясы башкарган комитеттер
● Парламенттик оппозиция башкарган комитеттер

## ЖАРАНДАРДЫН ЖОГОРКУ КЕҢЕШТИН КОМИТЕТТЕРИНЕ КАЙРЫЛУУЛАРЫ

| Баткен облусу | | Нарын облусу | | Ысык-Көл облусу | | Талас облусу | | Башка өлкөлөр | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 2018 - 2019 | 2019 - 2020 | 2018 - 2019 | 2019 - 2020 | 2018 - 2019 | 2019 - 2020 | 2018 - 2019 | 2019 - 2020 | 2018 - 2019 | 2019 - 2020 |
| 25 | 9 | 25 | 32 | 40 | 33 | 26 | 29 | 4 | 2 |
| 6 | 5 | 4 | 3 | 0 | 4 | 5 | 3 | 55 | 1 |
| 92 | 96 | 118 | 125 | 136 | 129 | 109 | 102 | 0 | 0 |
| 38 | 29 | 51 | 26 | 59 | 39 | 72 | 51 | 6 | 0 |
| 29 | 6 | 41 | 10 | 68 | 17 | 36 | 6 | 1 | 0 |
| 9 | 0 | 6 | 3 | 7 | 16 | 13 | 6 | 0 | 0 |
| 3 | 16 | 9 | 8 | 3 | 3 | 1 | 6 | 0 | 19 |
| 12 | 14 | 24 | 8 | 13 | 10 | 14 | 14 | 0 | 0 |
| 21 | 27 | 22 | 28 | 46 | 59 | 22 | 27 | 6 | 9 |

# ПАРЛАМЕНТТИК УГУУЛАР ЖӨНҮНДӨ МААЛЫМАТТАР

**Парламенттик угуулар**




**Парламенттик угуулардын катышуучуларынын жалпы саны**





**Өткөрүлгөн парламенттик угуулардын саны**

**Комитеттер боюнча парламенттик угуулардын катышуучуларынын саны**




# ПАРЛАМЕНТТИК КОНТРОЛЬ ЖӨНҮНДӨ МААЛЫМАТТАР

## Өкмөттүк күн





**Протоколдук тапшырмалардын аткарылышы**



## ПАРЛАМЕНТТИК КОНТРОЛЬ ЖӨНҮНДӨ МААЛЫМАТТАР

### Мыйзамдардын жана токтомдордун аткарылышын контролдоо





### Комитеттер боюнча мыйзамдардын жана токтомдордун аткарылышын контролдоо

| Мыйзамдардын аткарылышын контролдоо боюнча текшерүүлөрдүн саны | | Токтомдордун аткарылышын контролдоо боюнча текшерүүлөрдүн саны |
|---|---|---|
| 3 | Конституциялык мыйзамдар мамлекеттик түзүлүш, сот-укук маселелери жана Жогорку Кеңештин Регламенти боюнча комитет | 4 |
| 2 | Эл аралык иштер, коргоо жана коопсуздук боюнча комитет | 2 |
| 13 | Агрардык саясат, суу ресурстары, экология жана регионалдык өнүктүрүү боюнча комитет | 1 |
| 3 | Социалдык маселелер, билим берүү, илим, маданият жана саламаттык сактоо боюнча комитет | 5 |
| 1 | Отун-энергетикалык комплекси жана жер казынасын пайдалануу боюнча комитет | 3 |
| 2 | Транспорт, коммуникациялар, архитектура жана курулуш боюнча комитет | 1 |
| 0 | Экономикалык жана фискалдык саясат боюнча комитет | 7 |
| 9 | Бюджет жана финансы боюнча комитет | 0 |
| 3 | Укук тартиби, кылмыштуулук менен күрөшүү жана коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча комитет | 0 |

## ПАРЛАМЕНТТИК КОНТРОЛЬ ЖӨНҮНДӨ МААЛЫМАТТАР

### ЖОГОРКУ КЕҢЕШТЕГИ ОТЧЕТТОР

### 2018-жыл үчүн республикалык бюджетинин аткарылышы тууралуу




### Өкмөттүн 2019-жыл үчүн иши жөнүндө

| Көрсөткүчтөрдүн аталышы | 2018 ж. | 2019 ж. | Максаттык көрсөткүчтөр<br>2022 ж.* |
|---|---|---|---|
| ИДП өсүшүнүн ар жылкы темпи (%) | 3,5 | **4,5** | 3-5 |
| ИДП көлөмү (млрд. сом) | 569,3 | **590,0** | 820,0 |
| ИДП карата бюджеттин тартыштыгы (%) | 1,1 | **0,14** | 5 |
| ИДП түзүмүндө чакан жана орто ишкердиктин үлүшү (%) | 41,8 | **39,5** | 50 |
| Жаңы жумушчу орундарын түзүү (миң) | 96,1 | **77,4** | 350 |
| Жакырчылыктын деңгээли (%) | 25,5 | **22,4** | 20 |


*2018-2022-жылдардагы мезгилде Кыргыз Республикасынын өнүктүрүү программасы “Биримдик, ишеним, жаратмандык”. Жогорку Кеңештин 2018-жылдын 20-апрелиндеги № 2377-VI токтому менен бекитилген

# ПАРЛАМЕНТТИК КОНТРОЛЬ ЖӨНҮНДӨ МААЛЫМАТТАР


## МАКСАТТЫК ИНДИКАТОРЛОРГО ЖЕТИШҮҮДӨӨ КЫРГЫЗСТАНДЫН ПОЗИЦИЯСЫ

- Өкмөттүн 2022-жылга чейин максаттуу индикатору*
- Кыргызстандын 2019-жылдагы рейтингдеги орду
- Кыргызстандын 2019-жылга чейинки рейтингдеги орду


### ДҮЙНӨЛҮК АТААНДАШТЫККА ЖӨНДӨМДҮҮЛҮК ИНДЕКСИ





### DOING BUSINESS индекси (бизнес жүргүзүү)





### БАК-ТААЛАЙ ИНДЕКСИ




### КОРРУПЦИЯНЫ КАБЫЛДОО ИНДЕКСИ




### КАЛКТЫН ИШЕНИМ ИНДЕКСИ




### БЮДЖЕТТИН АЧЫКТЫГЫ ИНДЕКСИ




*2018-2022-жылдардагы мезгилде Кыргыз Республикасынын өнүктүрүү программасы "Биримдик, ишеним, жаратмандык".
Жогорку Кеңештин 2018-жылдын 20-апрелиндеги № 2377-VI токтому менен бекитилген

# ПАРЛАМЕНТТИК КОНТРОЛЬ ЖӨНҮНДӨ МААЛЫМАТТАР

## ПРОКУРАТУРА ОРГАНДАРЫНЫН 2019-ЖЫЛ ҮЧҮН ИШИ ЖӨНҮНДӨ

| | мыйзамдардын так жана бирдей аткарылышын көзөмөлдөө | мыйзамдардын аткарылышын көзөмөлдөө | жарандардын укуктарын жана эркиндиктерин коргоо боюнча көзөмөлдөө | балдар жөнүндө мыйзамдардын аткарылышын көзөмөлдөө |
|---|---|---|---|---|
| Текшерүүлөр | 10 284 | 4 622 | 1 774 | 1 418 |
| Бузуулар табылды | 36 044 | 12 832 | 5 126 | 5 501 |
| Чара көрүү актылары чыгарылды | 17 178 | 5 342 | 615 | 1 575 |
| Тартип жоопкерчилигине тартылды | 10 310 | 2 859 | 1 627 | 2 005 |
| Кылмыштардын жана жоруктардын бирдиктүү реестринде катталган арыздар | 1 964 | 930 | 89 | 35 |
| Козголгон жазык иштери | 890 | 334 | 33 | 33 |
| Бюджетке калыбына келтирилген зыяндын суммасы (млн. сом) | 1 079,2 | 911,8 | 13,9 | |
| Сотко жөнөтүлгөн доо арыздар | | | | 71 |
| Сот канааттандырган доо арыздар | | | | 55 |



## ЭСЕП ПАЛАТАСЫНЫН 2019-ЖЫЛ ҮЧҮН ИШИ ЖӨНҮНДӨ

| | Табылды | Калыбына келтирилүүгө жатат | Калыбына келтирилди |
|---|---|---|---|
| Финансылык бузуулар (млн. сом) | 2 523,9 | 1 079,6 | 415,3 |
| Бюджеттин резервдери жана жоготуулары (млн. сом) | 27 715,5 | 1 044,9 | 661,8 |
| Сарамжалсыз пайдаланылган каражаттар (млн. сом) | 2 007,9 | 959,2 | 863,1 |
| Коомдук жана башка уюмдарда табылган финансылык бузуулар (млн. сом) | 544,2 | 485,9 | 485,9 |

## КОМИТЕТТЕР БОЮНЧА ЖОГОРКУ КЕҢЕШ КАБЫЛ АЛГАН МЫЙЗАМДАР

| | КОДЕКСТЕР | МЫЙЗАМДАР | МЫЙЗАМДАРГА КИРГИЗИЛГЕН ӨЗГӨРТҮҮЛӨР | РАТИФИКАЦИЯ ЖӨНҮНДӨ МЫЙЗАМДАР |
|---|---|---|---|---|
| Конституциялык мыйзамдар, мамлекеттик түзүлүш, сот-укук маселелери жана Жогорку Кеңештин Регламенти боюнча комитет | 0 | 8 | 13 | 0 |
| Эл аралык иштер, коргоо жана коопсуздук боюнча комитет | 0 | 0 | 6 | 48 |
| Агрардык саясат, суу ресурстары, экология жана регионалдык өнүктүрүү боюнча комитет | 0 | 1 | 6 | 0 |
| Социалдык маселелер, билим берүү, илим, маданият жана саламаттык сактоо боюнча комитет | 0 | 1 | 7 | 0 |
| Отун-энергетикалык комплекси жана жер казынасын пайдалануу боюнча комитет | 0 | 1 | 0 | 0 |
| Транспорт, коммуникациялар, архитектура жана курулуш боюнча комитет | 0 | 0 | 1 | 0 |
| Экономикалык жана фискалдык саясат боюнча комитет | 0 | 3 | 23 | 0 |
| Бюджет жана финансы боюнча комитет | 0 | 7 | 3 | 0 |
| Укук тартиби, кылмыштуулук менен күрөшүү жана коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча комитет | 0 | 1 | 7 | 0 |
| **БААРЫ** | 0 | 22 | 66 | 48 |

## КОМИТЕТТЕРДЕ КАРАЛГАН МАСЕЛЕЛЕР

| МЫЙЗАМ ДОЛБООРЛОРУ 1-окуу | 2-окуу | 3-окуу | | БАШКА МАСЕЛЕЛЕР |
|---|---|---|---|---|
| 44 | 12 | 12 |  | 1 |
| 23 | 18 | 11 |  | 0 |
| 50 | 41 | 54 |  | 0 |
| 48 | 6 | 9 |  | 0 |
| 7 | 1 | 1 |  | 24 |
| 31 | 3 | 3 |  | 0 |
| 53 | 48 | 31 |  | 13 |
| 51 | 9 | 9 |   | 55 |
| 25 | 10 | 8 |  | 38 |

● Парламенттик көпчүлүк коалициясы башкарган комитеттер

● Парламенттик оппозиция башкарган комитеттер

## КАБЫЛ АЛЫНГАН МЫЙЗАМДАР ЖӨНҮНДӨ КЫСКАЧА МААЛЫМАТ

2019-жылдын февралынан тартып Кыргыз Республикасында «Коопсуз шаар» долбоору иштеп жатат, ага ылайык айдоочулар тарабынан жол кыймылынын эрежелерин бузуулар фото- жана көрмө-камераларга тартылып катталат. Натыйжа - көз көрүнө тартылып катталган бузуулардын саны көп эселеп өстү.

Мурдатан бери иштеп келаткан тутумдан айырмалуу жаңы механизмдер жол кыймылы эрежелерин бузгандыгы үчүн жазанын сөзсүз болорун камсыз кылды. Бирок башка жагдайлар ашкереленди. Алып айтканда, көптөгөн бузуучулар үчүн айыптардын көлөмү алардын кирешелерине карата теңдешсиз, абдан эле жогору болуп чыкты. Мындан тышкары, коомчулуктун пикири боюнча бузуулардын коркунучтуулук деңгээлин эске албагандыктан айрым айыптар адилетсиз дагы болуп чыкты. Мисалы, токтотмо же токтомо-сызыкты өтүү эрежелерин бузгандыгы үчүн жолчырактын тыюу салган жарык белгисинен өтө качуудай эле жоопкерчилик каралган.

Ушуга байланыштуу, жарандардын жашоо деңгээлине жараша, адилеттүү айыптарды белгилөө максатында Жогорку Кеңеш тарабынан **Бузуулар жөнүндө кодекске, Жоруктар жөнүндө кодекске**[1] түзөтүүлөр киргизилди. Аларга ылайык жолдун жүрүү бөлүгүндөгү чийим, токтоо же токтотмо, ашып өтүү же кыймылга каршы тилкеге чыкпастан маневр жасоо эрежелерин бузгандыгы үчүн айыптардын өлчөмү азайтылды.




[1] *Жогорку Кеңеш 2019-жылдын 11-декабрында кабыл алган, Президент 2020-жылдын 15-январында кол койгон*

## КАБЫЛ АЛЫНГАН МЫЙЗАМДАР ЖӨНҮНДӨ КЫСКАЧА МААЛЫМАТ


Жогорку Кеңеш **Жалал-Абад (2-фаза), Кербен, Исфана, Каракол шаарларындагы суу менен жабдуу жана канализация системаларын реабилитациялоо** боюнча Кыргыз Республикасы менен Европа реконструкциялоо жана өнүктүрүү банкынын ортосундагы[1]; **Баткен жана Талас областтарында айылдарды суу менен жабдууну жана санитарияны жакшыртуу** боюнча Кыргыз Республикасы менен Ислам өнүктүрүү банкынын ортосундагы[2]; **Ош, Каракол шаарларындагы жана айылдык райондордогу суу менен жабдуу жана санитария системаларын өнүктүрүү** боюнча Кыргыз Республикасы менен Сауд өнүктүрүү фондунун[3] жана Азия өнүктүрүү банкынын ортосундагы макулдашууларды ратификациялады[4].

Бул макулдашуулар суу менен жабдуу жана санитария системаларын реабилитациялоого, кеңейтүүгө, ошондой эле суу секторунун мүмкүнчүлүктөрүн чыңдоого багытталган. Аларды ишке ашыруу көрсөтүлгөн аймактарда жашаган жарандардын коопсуз ичүүчү сууга жеткиликтүүлүгүн арттырат жана суу менен жабдуу жана санитария боюнча кызмат көрсөтүүлөрдүн сапатын жогорулатат.

### Кыргыз Республикасындагы суу менен жабдуу тутумунун абалы




**745** калктуу конушта туруктуу суу менен жабдуу бар



**348** калктуу конушта суу түтүктөрү жок

**1163** калктуу конушта туруктуу суу менен жабдуу жок



**597** калктуу конушта реабилитациялоо талап кылынат




**218** калктуу конушта суу түтүктөрүн алмаштыруу талап кылынат

*[1-2] Жогорку Кеңеш 2019-жылдын 24-октябрында кабыл алган, Президент 2019-жылдын 14-ноябрында кол койгон*
*[3] Жогорку Кеңеш 2019-жылдын 26-декабрында кабыл алган, Президент 2020-жылдын 21-январында кол койгон*
*[4] Жогорку Кеңеш 2020-жылдын 30-апрелинде кабыл алган, Президент 2020-жылдын 18-майында кол койгон*

## КАБЫЛ АЛЫНГАН МЫЙЗАМДАР ЖӨНҮНДӨ КЫСКАЧА МААЛЫМАТ

**Долбоорду ишке ашырууда каралган:**





ичүүчү суунун жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу — **99 674 жашоочу**

ичүүчү суунун жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу — АЙЫЛ **33 айыл**

ичүүчү суунун жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу — **196 369 жашоочу**

ичүүчү суунун жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу — АЙЫЛ **97 айыл**

**60 санитардык объектте**
каналдаштыруу жүргүзүү











**Исфана ш.**

ичүүчү суунун жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу — **11 700 жашоочу**


каналдаштырууга кошуу — **900 абонент**

бөлүштүрүү тарамын реабилитациялоо — **17,5 км**

металл резервуарларын жана тазалоочу курулмаларды куруу



Тегирмен жана Кептеркана суу тосмолорун реабилитациялоо



**Каракол ш.**

ичүүчү суунун жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу — **30 741 жашоочу**


каналдаштырууга кошуу — **16 644 абонент**

суу түтүктөр тарамын куруу жана реабилитациялоо — **28 км**

Кашка-Суу суу арыгын куруу

каналдаштыруу тарамдарын куруу жана реабилитациялоо — **4,9 км**


резервуарларды куруу



# КАБЫЛ АЛЫНГАН МЫЙЗАМДАР ЖӨНҮНДӨ КЫСКАЧА МААЛЫМАТ

**Долбоорду ишке ашырууда каралган:**







Жалал-Абад областынын Базар-Коргон районундагы тазалоочу курулманы реабилитациялоо

ичүүчү суунун жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу — 43 100 жашоочу

каналдаштырууга кошуу — 6 400 абонент


суу түтүктөр тарамын жүргүзүү — 24 км. жакын




ичүүчү суунун жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу — 80 411 жашоочу

ичүүчү суунун жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу — АЙЫЛ 31 айыл

суу менен жабдуу жана санитария объекттерин камсыз кылуу







ичүүчү суунун жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу — 25 600 жашоочу

каналдаштырууга кошуу — 900 абонент


суу түтүктөр тарамын жүргүзүү — 180 км

суу арыктарын алмаштыруу — 3 км

кудуктарды куруу





Ош суу тазалоо чордонунда хлорду нейтралдаштыруу тутумун өркүндөтүү жана Ош плотинасынын жаңы суу тосмосун куруу

**Долбоорлорду каржылоо булактары:**

ADB
*Азия өнүктүрүү банкы*
37,4 (млн. АКШ доллары)
Насыя 13,7 | Грант 23,7

*Европа реконструкциялоо жана өнүктүрүү банкы*
31,8 (млн. евро)
Насыя 13,6 | Грант 18,2

SFD
*Сауд өнүктүрүү фонду*
Насыя 30 (млн. АКШ доллары)

IsDB
*Ислам өнүктүрүү банкы*
Насыя 20 (млн. АКШ доллары)

## КАБЫЛ АЛЫНГАН МЫЙЗАМДАР ЖӨНҮНДӨ КЫСКАЧА МААЛЫМАТ

Жогорку Кеңеш тарабынан **«Кыргыз Республикасынын 2020-жылга республикалык бюджети жана 2021-2022-жылдарга болжолу жөнүндө» Мыйзам**[1] кабыл алынган. Республикалык бюджеттин жалпы кирешелери мамлекеттик инвестициялардын гранттарын эсепке алганда 2020-жылы 163 710,4 млн. сом суммасында каралган. Республикалык бюджеттин кирешелери 2019-жылдын бекитилген бюджетине карата алганда 15 226,1 млн. сомго көбөйөт.


Республикалык бюджеттин 2020-жылга чыгашаларынын жалпы өлчөмү 171 663,9 млн. сом деңгээлинде белгиленген, бул 2019-жылдын бекитилген бюджетинен 22 329,0 млн. сомго көп.

***Республикалык бюджеттин 2109-2020-жылдарга негизги көрсөткүчтөрү (млн. сом)***

| *(млн. сом)* | Кирешелер | Чыгашалар | Тартыштык |
|---|---|---|---|
| 2019 ж. тактал. | 148 484,3 | 149 334,9 | 850,6 |
| **2020 ж. бекитил.** | **163 710,4** | **171 663,9** | **7 953,5** |

Мамлекеттик чыгашалар саясаты 2020-жылы негизинен социалдык багытталгандыкка ээ.

***Социалдык коргоого, билим берүүгө жана саламаттыкты сактоого чыгашалар (млн. сомов)***




Социалдык-маанилүү иш-чараларды каржылоого чыгашалар төмөнкүдөй түзүлдү:

**Аймактарды өнүктүрүү, санариптештирүү, инфратүзүм**

- аймактарды өнүктүрүү - 2 072,4 млн. сом
- «Санариптик экономика» - 500,0 млн. сом
- «Коопсуз шаар» - 2 150,3 млн. сом
- кызыктыруучу гранттар –5641,0 млн. сом
- айыл чарба өндүрүүчүлөрүн субсидиялоо – 600,0 млн. сом
- чек ара аймактарын өнүктүрүү - 100,0 млн. сом

[1] *Жогорку Кеңеш 2019-жылдын 28-ноябрында кабыл алган, Президент 2019-жылдын 23-декабрында кол койгон*


## КАБЫЛ АЛЫНГАН МЫЙЗАМДАР ЖӨНҮНДӨ КЫСКАЧА МААЛЫМАТ

**Социалдык чөйрөнү өнүктүрүү**

- социалдык төлөмдөрдү жогорулатуу (билим берүү, саламаттыкты сактоо тутумунун, укук коргоо органдарынын кызматкерлерине; мамлекеттик органдардын техникалык жана тейлөө кызматчыларына; пробация жана соттук экспертиза органдарына) – 11 328,4 млн. сом
- табигый кырсыктардын кесепеттерин жоюу боюнча иш-чаралардын алкагындагы турак жай сертификаттары – 150 млн. сом
- «Мамлекеттик ипотекалык компания» ААК колдоо - 500,0 млн. сомов

Капиталдык салымдарга 3 млрд. сом каралган, алар биринчи кезекте билим берүү, табигый кырсыктардан жабыр тарткан объекттердин, авариялык объекттердин жана жогорку курулуш даярдыгындагы объекттердин курулушун, реконструкциясын бүткөрүүгө багытталат.

Капиталдык салымдардын негизги багыттары **3 000 000 000 сом**




Тышкы жана ички булактардын эсебинен Мамлекеттик инвестициялар программасы боюнча 24 957, 0 млн. сом каралган.

**Мамлекеттик инвестициялар программасынын 2020-жылга негизги артыкчылыктуу багыттары:**

**Саламаттык сактоону өнүктүрүү – 629, 6 млн. сом**

- экстрендик медицина тутумун түзүү
- энени жана баланы коргоо
- кургак учук менен күрөшүү
- ВИЧ/СПИДди алдын алуу программасы
- Бишкек ш. медициналык тез жардам шаардык клиникалык ооруканасы үчүн жана Улуттук госпиталдын нейрохирургиялык борборунун жаңы корпусун куруу жана жабдуу

**Билим берүүнү өнүктүрүү – 632, 1 млн. сом**

- билим берүү тутумун чыңдоо
- инклюзивдик өсүү үчүн көндүмдөрдү өнүктүрүү

## КАБЫЛ АЛЫНГАН МЫЙЗАМДАР ЖӨНҮНДӨ КЫСКАЧА МААЛЫМАТ

**Айыл чарбасын өнүктүрүү - 2248, 5 млн. сом**

- айылдарды туруктуу өнүктүрүү
- шаарды өнүктүрүү
- рыноктарго жеткиликтүүлүктү камсыз кылуу
- айыл чарба өндүрүмдүүлүгүн жана азыктандырууну жакшыртуу
- айыл чарба техникаларын жеткирүүлөрдү каржылоо
- сүт секторунун өндүрүмдүүлүгүн өнүктүрүү

**Суу жабдууну өнүктүрүү - 4405, 8 млн. сом**

- Бишкек, Ош, Талас, Нарын, Баткен, Балыкчы, Өзгөн, Майлуу-Суу, Токтогул, Кызыл-Кыя, Чолпон-Ата, Кара-Суу, Токмок, Кант шаарларында суу менен жабдууну жана канализацияны реабилитациялоо

Төмөнкүлөр боюнча долбоорлорду ишке ашыруу:
- айылдык суу жабдуу жана санитария
- Ысык-Көлдүн агынды сууларын башкаруу
- "Сарымсак" ирригациялык тарамын өнүктүрүү
- суу ресурстарынын климаттын өзгөрүүсүнө жана табигый кырсыктарга карата туруктуулугун жогорулатуу

**Транспорт инфратүзүмүн өнүктүрүү – 8486, 3 млн. сом**

автожолдорду куруу, реабилитациялоо, реконструкциялоо:
- Түндүк – Түштүк
- Бишкек – Кара-Балта
- Бишкек – Ош
- Бишкек – Нарын – Торугарт
- Борбор Азиялык регионалдык экономикалык кызматтыштыктын (БАРЭК) алкактарында транспорттук коридорлор менен бириктирүү

**Энергетикалык инфратүзүмдү өнүктүрүү – 5817, 4 млн. сом**

Реабилитациялоо, реконструкциялоо, модернизациялоо:
- Токтогул ГЭСи
- Ат-Башы ГЭСи
- «Чыгышэлектро»
- «Ошэлектро»

Долбоорду ишке ашыруу:
- CASA – 1000 долбоору
- электр жабдуунун отчеттуулугун жана ишенимдүүлүгүн жогорулатуу
- Лейлек районунун Арка массивин электр менен жабдууну жакшыртуу

**Санариптештирүү - 423, 0 млн. сом**

- Digital CASA долбоорун ишке ашыруу

## КАБЫЛ АЛЫНГАН МЫЙЗАМДАР ЖӨНҮНДӨ КЫСКАЧА МААЛЫМАТ

Коронавирус инфекциясынын пандемиясы өлкөнүн экономикасына терс таасирин тийгизди. Ушуга байланыштуу Жогорку Кеңеш **«Кыргыз Республикасынын 2020-жылга республикалык бюджети жана 2021-2022-жылдарга болжолу жөнүндө» Мыйзамга өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу Мыйзам**[1] кабыл алды. Натыйжада бюджеттик каражаттарды чыгымдоону үнөмдөөнү жана чыгашалардын артыкчылыктуу эмес беренелерин оптималдаштырууну эске алуу менен жаңы бюджет түзүлдү.

Республикалык бюджеттин жалпы кирешелери 135,3 млрд. сом суммасында аныкталды, бул ИДП карата 23,2%ды түзөт жана 33,2 млрд. сомго же 19,7%га төмөндөйт.

2020-жылга республикалык бюджеттин жалпы чыгашалары 163,0 млрд. сом өлчөмүндө болжолдолгон, бул ИДП карата 27,9%ды түзөт.


Бекитилген көрсөткүчтөргө салыштырмалуу жалпы чыгашалар 8,6 млрд. сомго же 5,0%га төмөндөйт.

**Каржылоодогу бир кыйла ири кыскартуулар төмөнкүлөр боюнча болду:**

- Транспорт жана жолдор министрлиги – 2 642,8 млн. сом
- Өнөр жай, энергетика жана жер казынасын пайдалануу боюнча мамлекеттик комитет – 1 506,0 млн. сом
- Суу ресурстары мамлекеттик агенттиги – 1 080,5 млн. сом
- Билим берүү жана илим министрлиги – 380,6 млн. сом
- Айыл чарба, тамак-аш өнөр жайы жана мелиорация министрлиги – 142,4 млн. сом
- Маалыматтык технологиялар жана байланыш мамлекеттик комитети – 140,9 млн. сом

Ошол эле убакта 2020-жылга мамлекеттик чыгашалар саясаты өзүнүн социалдык багытталгандыгын сактап калды.

***Социалдык коргоого, билим берүүгө жана саламаттык сактоого чыгашалар (млн.сом)***




[1] *Жогорку Кеңеш 2020-жылдын 21-майында кабыл алган, Президент 2020-жылдын 8-июнунда кол койгон*


## КАБЫЛ АЛЫНГАН МЫЙЗАМДАР ЖӨНҮНДӨ КЫСКАЧА МААЛЫМАТ

Климаттын өзгөрүүсү тууралуу БУУ Алкактык конвенциясынын тараптарынын конференциясынын жыйынтыктары боюнча 2015-жылдын 12-декабрында Климат боюнча Париж макулдашуусу кабыл алынган. Ага 175 мамлекет кол койгон жана азыркы убакта 197 мамлекет колдоого алган. Конвенция дүйнөлүк коомчулуктун климаттын ааламдашкан өзгөрүүлөрүнөн улам пайда болгон көйгөйлөргө карата мамилеси болуп калды.

Климаттын өзгөрүүсүнүн негизги себеби, дүйнөлүк керектөөнүн өсүшүнөн улам келип чыккан адамдын иштеринин натыйжалары болуп саналат. Өнөр жайынын, транспорттун өнүгүшү, айыл чарбасын жүргүзүүнүн заманбап усулдары, токойлорду кыюулар жана иштин башка түрлөрү, атмосферага парник газдарынын ыргытындысынын көбөйүүсүнө алып келди, алардын негизгиси көмүр кычкыл газы болуп саналат. Мунун кесепети – курчап турган чөйрөнүн абалынын начарлоосу, табигый кырсыктардын көбөйүүсү, аба ырайынын шарттарын алдын ала айтуунун татаалдоосу, адамдын өмүрүнүн жана саламаттыгынын коопсуздугуна коркунучтардын жогорулоосу.

Ушуга байланыштуу Жогорку Кеңеш, ааламдык экологиялык коопсуздуктун баалуулугун таануу жана бөлүшүү менен, **«2015-жылдын 12-декабрында Париж шаарында кол коюлган Климаттын өзгөрүүсү жөнүндө Бириккен Улуттар Уюмунун Алкактык конвенциясы боюнча Париж макулдашуусун ратификациялоо тууралуу» Мыйзамды**[1] кабыл алган.

### Катышуучу-мамлекеттер өздөрүнө төмөнкү милдеттенмелерди алышат:



энергонатыйжалуулук чөйрөсүндө эл аралык "жашыл" технологиялар менен алмашууну жолго коюу



атмосферага CO2 ыргытындыларын планченемдүү төмөндөтүү

### Кыргыз Республикасында атмосфералык абанын булгануусунун негизги булактары:



жылытуу үчүн жагуулардын натыйжасында булгануулар



автомобиль унааларынан ыргытылган газдар



чаң жана башка катуу бөлүкчөлөр менен булгануулар


[1] *Жогорку Кеңеш 2019-жылдын 17-октябрында кабыл алган, Президент 2019-жылдын 11-ноябрында кол койгон*

## КАБЫЛ АЛЫНГАН МЫЙЗАМДАР ЖӨНҮНДӨ КЫСКАЧА МААЛЫМАТ

Кийинки жылдары курчап турган чөйрөгө жана өлкөнүн суу биологиялык ресурстарына зор зыян келтирилүүдө. Мунун себептеринин бири браконьерлик жана синтетикалык торлорду жана электр тузактар тутумун колдонуу менен балык кармоо болуп саналат. Алардын кеңири колдонулушуна жеткиликтүүлүк жана арзан баасы өбөлгө түзүүдө. Мисалы, 100 метр узундуктагы балык кармоочу синтетикалык тордун наркы орточо 300 сомду түзөт.

Кармоонун бул ыкмалары өзгөчө күч-аракеттерди жана убакытты талап кылбайт, бирок курчап турган чөйрө үчүн абдан кыйраткыч келет. Электр тузактарынын тутумун колдонуу алар колдонулган чөлкөмдөгү балыктардын эле эмес, ошондой эле чабактардын, икралардын жапырт кырылышына алып келет. Суу объекттери сууда чирибеген көп сандаган синтетикалык торлорго толот, аларга балыктар, сууда сүзүүчү канаттуулар чалынып өлөт. Анын кесепети катары алардын чириндилеринен көлдөрдүн жана көлмөлөрдүн ууланууу тобокелдиги пайда болот.

Жогоруда баяндалганды көңүлгө алуу менен, Жогорку Кеңеш суу биологиялык ресурстарын сактоо, алар жашаган чөйрөнү жана курчап турган чөйрөнү коргоо максатында, **«Кыргыз Республикасынын аймагына балык уулоочу синтетикалык торлорду, электр менен кармоочу тутумдарды алып келүүгө, өндүрүүгө, даярдоого, сатууга жана пайдаланууга тыюу салуу жөнүндө» Мыйзам**[1] кабыл алган.




[1] *Жогорку Кеңеш 2020-жылдын 16-январында кабыл алган, Президент 2020-жылдын 28-февралында кол койгон*

## КАБЫЛ АЛЫНГАН МЫЙЗАМДАР ЖӨНҮНДӨ КЫСКАЧА МААЛЫМАТ

Дүйнөдө энергияны керектөө темптеринин өсүшү электр энергиясын, анын ичинде атом энергиясын иштеп чыгуунун ар түрдүү технологияларынын өнүгүүсүнө өбөлгө болду. Негизги отуну уран жана торий болуп саналган атом электр станциялары жалпысынан дүйнөлүк электр энергиясынын 11 %га жакынын иштеп чыгарат. Кыргызстан урандын жана торийдин белгилүү запасына ээ өлкөлөрдүн катарына кирет. Негизги уран кендери 1950 – 1980-жылдары жигердүү өздөштүрүлгөн. Аларды иштетип алуунун натыйжасында көптөгөн радиоактивдүү калдык сактагычтар жана тоо-кен калдыктары пайда болгон. Ал эми алардын калктуу конуштарга, өзөн сууларга жана көлдөргө жакын жайгашуусу адамдын саламаттыгына айкын коркунуч келтирүүдө. Мындан тышкары, жер көчкүлөрдөн, суу ташкындарынан жана жер титирөөлөрдөн улам калдык сактагычтардын кыйроосунун олуттуу тобокелдиктери бар. Калдык сактагычтарды кармоо жана кайра культивациялоо өзгөчө актуалдуу маселе болуп саналат.

Уран казып алуунун мурунку тажырыйбасы колдонулуп жаткан технологиялардын коопсуздугуна байланыштуу калктын ишенбөөчүлүгүн пайда кылган, бул жаңы кен чыккан жерлерди иштетүүдө жарандардын наразылыктарынын келип чыгуусуна себеп болуудa.

Ушул жагдайлар, ошондой эле калктын саламаттыгын коргоону камсыз кылуунун максаттары Жогорку Кеңештин **«Кыргыз Республикасында уран, торий кендери чыккан жерлерди издөө, чалгындоо жана иштетүү максатында жер казынасын геологиялык изилдөө менен байланышкан иштерге тыюу салуу жөнүндө» Мыйзамдын**[1] кабыл алынышын шарттаган.

**Мындан ары Кыргыз Республикасында тыюу салынат:**



1) уран жана торийди чалгындоого жана казып алууга



2) радиоактивдүү калдык сактагычтарды, тоо-кен калдыктарын иштетүүгө жана аларды жеке менчик жактарга берүүгө



3) уран жана торий камтыган чийки заттарды жана калдыктарды ташып кирүүгө


**Абанын, кыртыштын жана суунун радиациялык булгануусунун адамдын саламаттыгы үчүн зыяны:**



онкологиялык оорулардын (кан, аш казан, тамак бездери, сөөк чучуктары ж. б.) өсүшү

болочок муундарга берилүүчү организмдин генетикалык мутациясы






балдардын дене бой жана акыл-эс өсүүлөрүнүн өксүктөрү

[1] *Жогорку Кеңеш 2019-жылдын 31-октябрында кабыл алган, Президент 2019-жылдын 14-декабрында кол койгон*

# КАБЫЛ АЛЫНГАН МЫЙЗАМДАР ЖӨНҮНДӨ КЫСКАЧА МААЛЫМАТ

Геологиялык дагы изилдөөнү талап кылган уран жана торий кендери



**КР ӨКМ теңдеминдеги калдык сактагычтар жана тоо-кен калдыктары**

| | радиоактивдүү калдыктар (млн. куб.) | саны |
|---|---|---|
| **1. Майлуу-Суу ш.** | | |
| калдык сактагыч | 2,26 | 23 |
| тоо-кени калдыктары | 0,74 | 13 |
| **2. Мин-Куш к.** | | |
| калдык сактагыч | 2,0 | 4 |
| **3. Сумсар к.** | | |
| калдык сактагыч | 4,0 | 3 |
| **4. Каджи-Сай к.** | | |
| калдык сактагыч | 0,4 | 1 |
| **5. Кан (Советский) к.** | | |
| калдык сактагыч | 1,6 | 2 |
| **6. Шекафтар к.** | | |
| тоо-кени калдыктары | 0,3 | 8 |
| **7. Төө-Моюн к.** | | |
| тоо-кени калдыктары | такталат | 1 |
| **8. Кызыл-Жар к.** | | |
| тоо-кени калдыктары | 0,37 | 1 |

**Ишканалардын теңдеминдеги радиоактивдүү калдыктарды сактагычтар**

1. **“Кыргыз химиялык-металлургиялык заводу” ААК (№1-3 калдык сактагычтар, Ак-Түз к., Боорду – Орловка ш.)**
радиоактивдүү калдыктардын көлөмү – 13024,28 миң тонна
2. **“ТИ Майнинг” ЖЧК (“Гео Резерв” ЖАК) Ак-Түз к., (№4 калдык сактагыч)**
радиоактивдүү калдыктардын көлөмү – 15,06 миң тонна
3. **“Кара-Балта тоо-кен комбинаты” АК**
радиоактивдүү калдыктардын көлөмү – 37000 миң тонна

## КАБЫЛ АЛЫНГАН МЫЙЗАМДАР ЖӨНҮНДӨ КЫСКАЧА МААЛЫМАТ

Үй-бүлөлүк зомбулук – заманбап дүйнөдө өтө курч көйгөйлөрдүн бири. Негизинен анын курмандыгы аялдар жана балдар болушат.

Мындай жагдай Кыргызстан үчүн дагы мүнөздүү. Эгерде 2012-жылы үй-бүлөлүк зомбулуктун 2415 фактысы катталган болсо, ал эми 2019-жылы – 8240 факты катталган. Көпчүлүк учурлар үй-бүлөлүк чыр-чатак катары кабыл алынат жана жабырлануучулар укук коргоо органдарына кайрылышпайт, ал эми кайрылгандардан 90%дан ашуун арыздануучулар кийин соңу өз дооматтарынан баш тартып коюшат.

2017-жылы үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу жана күрөшүү максатында коргоонун жаңы механизмдери киргизилген. Алып айтканда, курмандыктын кол тийбестигин камсыз кылуу үчүн зомбулукчуну кармоо зомбулукту болтурбоо чараларынын бири болгон. Бирок кармоонун «өзгөчө» учурларын сыпаттамалоонун жоктугунан улам укук коргоо органдарынын кызматкерлери көпчүлүк убактарда бул ченемди колдонушкан эмес. Натыйжада үй-бүлөлүк зомбулуктун курмандыктарынын 16%ы кайрадан зомбулукка дуушар болушкан, ал эми аз эмес учурларда анын натыйжасы кыйла кайгылуу аяктаган.

Үй-бүлөдөгү зомбулуктан социалдык-укуктук коргоонун натыйжалуулугун жогорулатуу үчүн Жогорку Кеңеш **Жазык-процесстик кодекске**[1] түзөтүүлөрдү киргизген, алардын маңызы зомбулук жасаган адам, эгерде ал мас абалында болсо, жабырлануучунун өмүрүнө жана ден соолугуна айкын коркунуч келтирүүсү мүмкүн болгон зомбулукту кайра кайталап жасашы мүмкүн деп ойлоого негиздер болгондо 48 саатка кармалары белгиленгенинде турат.




курмандыктардын
**16%**
**кайра кайталанган**
зомбулук тартышкан

**554 факта**
сотко жөнөтүлгөн

арыздануучулардын
**90%**
кийин соңу
өз дооматтарынан
**баш тартышкан**

**51 киши**
айып тарткан

**34 киши**
коомдук жумуштарга
тартылган

**1 киши**
мажбурлап дарылоого
тартылган

[1] *Жогорку Кеңеш 2020-жылдын 30-апрелинде кабыл алган, Президент 2020-жылдын 4-июнунда кол койгон*


## КАБЫЛ АЛЫНГАН МЫЙЗАМДАР ЖӨНҮНДӨ КЫСКАЧА МААЛЫМАТ

Жогорку Кеңеш жүргүзүлүп жаткан сот-укуктук реформалардын алкагында **«Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына (Жарандык процесстик кодекске, Салыктык эмес кирешелер жөнүндө кодекске, Административдик-процесстик кодекске, Жогорку Сот жана жергиликтүү соттор жөнүндө жана Жергиликтүү соттордун түзүмүн жана жергиликтүү соттордун судьяларынын штаттык санын бекитүү жөнүндө мыйзамдарга) өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу» Мыйзам**[1] кабыл алды.

Мыйзам 2017-жылы 1-июлда колдонууга киргизилген Жарандык процесстик кодексти жана Административдик-процесстик кодексти ишке ашыруунун натыйжалуулугун жогорулатууга багытталган. Киргизилген өзгөртүүлөр Интернет аркылуу сотко доону электрондук түрдө берүү жана сот отурумун түздөн-түз алып берүү мүмкүнчүлүгүн берет.

Жаңы ченемдерге ылайык соттун чечимдерине апелляциялык, кассациялык тартипте даттанууда мамлекеттик алым талашылып жаткан суммага жараша эсептелет. Апелляциялык даттануу берүү үчүн процесстик мөөнөттү калыбына келтирүүгө 3 айлык чектөө алып салынган.

Райондор аралык соттордун иш-милдеттеринин бөлүгү райондук жана шаардык сотторго өткөрүлүп берилгенине байланыштуу соттук териштирүүнүн тараптарына финансылык жана убакыттык чыгымдарды кыскартуу үчүн шарт түзүлөт. Кабыл алынган өзгөртүүлөрдө ошондой эле сот процессин, соттордун ишин оптималдаштыруу, коллизияларды четтетүү жана боштуктарды толтуруу каралган.




[1] *Жогорку Кеңеш 2020-жылдын 26-февралында кабыл алган, Президент 2020-жылдын 11-апрелинде кол койгон*

## КАБЫЛ АЛЫНГАН МЫЙЗАМДАР ЖӨНҮНДӨ КЫСКАЧА МААЛЫМАТ

Миграция кылымдардан бери карай коомдун өнүгүүсүнүн бардык чөйрөсүнө таасирин тийгизүүчү социалдык кубулуш болуп саналат. Адамдын өз дараметин ишке ашыруусу жана кыйла сапаттуу медициналык, билим берүү, байланыш, бош убактысын өткөрүү кызмат көрсөтүүлөрүн алуу, ж. б. үчүн кеңири социалдык-экономикалык мүмкүнчүлүктөрү бар ири шаарлар миграциянын башкы борборлору болуп калышат.

Кыргызстанда ички мигранттардын негизги агымы Бишкек жана Ош шаарларына топтолгон. Мисалы, 1990-жылдан 2020-жылга чейинки мезгилде Бишкек шаарынын калкы 500 миңден 1,1 млн. кишиге чейин, ал эми Ош шаарынын калкы – 200 миңден 300 миң кишиге чейин көбөйдү.

Жашаган жерлеринин алмашуусунун натыйжасында көптөгөн мигранттар жумуш, турак-жай ж. б. издеп табуу көйгөйлөрүнө туш болушат. Бул шарттарда жардамга муктаж жарандар мамлекет тарабынан кепилденген социалдык кызмат көрсөтүүлөрдү – жумушка орношууга көмөктөшүү, жумушсуздук боюнча жөлөкпул, кесиптик багыттама жана ишкердик иш боюнча кеңештерди, кесиптик даярдоо жана кайра даярдоо боюнча жардамдардан пайдалана алышмак. Бирок алар өз укуктарын ишке ашыра алышпады, анткени мыйзам боюнча бул кызмат көрсөтүүлөр туруктуу катталган жери боюнча берилчү.

**«Калкты иш менен камсыз кылууга көмөктөшүү жөнүндө» Мыйзамга**[1] кабыл алынган өзгөртүүлөр жумушсуз деген статусу бар жарандарга иш жүзүндө жашаган жер боюнча социалдык кызмат көрсөтүүлөрдү алууга мүмкүнчүлүк берет.




*[1] Жогорку Кеңеш 2020-жылдын 4-мартында кабыл алган, Президент 2020-жылдын 15-апрелинде кол койгон*


## КАБЫЛ АЛЫНГАН МЫЙЗАМДАР ЖӨНҮНДӨ КЫСКАЧА МААЛЫМАТ


Үч-Коргон ГЭСи – гидроэлектрстанциялар каскадынын карлыгачы, 1961-62-жж. пайдаланууга берилген. Белгиленген 180 МВт. кубаттуулугунда өндүргөн жылдык орточо электрэнергиясы 1020 млн. кВт/с. түзөт.

Үч-Коргон ГЭСи пайдаланууга берилген учурдан тартып негизги курулмалары өз эксплуатациялык ресурстарын иштетип бүттү. Эскирген жабдууларды оңдоо ойдогудай натыйжа бербейт.

Ушуга байланыштуу Жогорку Кеңеш **«Үч-Коргон ГЭСин модернизациялоо» долбоору боюнча Кыргыз Республикасы менен Азия өнүктүрүү банкынын ортосундагы кредиттик гранттык макулдашууларды ратификациялоо жөнүндө Мыйзам**[1] кабыл алган.

Бул долбоорду ишке ашыруу ГЭСтин кубаттуулугун 216 МВт. көбөйтүү менен өлкөнүн энергетикалык коопсуздугун арттырууга өбөлгө болот.









[1] *Жогорку Кеңеш 2020-жылдын 20-февралында кабыл алган, Президент 2020-жылдын 13-мартында кол койгон*

## КАБЫЛ АЛЫНГАН ТОКТОМДОР ЖӨНҮНДӨ КЫСКАЧА МААЛЫМАТ

Кытай Эл Республикасынын Хубей провинциясынын Ухань шаарында 2019-жылдын декабрында биринчи жолу белгисиз вирустук инфекциянын жайылышы катталган. Кыска мезгилдин ичинде дене табынын көтөрүлүшү, кургак жөтөл, көкүрөктүн ооруусу менен мүнөздөлгөн илдет адамдардын жапырт жабырланууусуна, анын ичинде өлүмгө учуроолоруна алып келген. Адегенде социалдык оолактануу чараларын сактоонун зарылдыгын түшүнүүнүн жоктугу кырдаалдын ого бетер начарлашына өбөлгө болгон, анткени инфекция жөтөлгөндө, чүчкүргөндө, кол алышканда жана байланыштын башка формаларында адамдан адамга өтүп жуга баштаган.


Ушуга байланыштуу 2020-жылдын 23-январында Ухань шаарында карантин киргизилген, бул инфекциянын жайылуусун болтурбоо боюнча мындай чараны колдонуунун дүйнөлүк тажрыйбадагы биринчи мисалы болуп калды.

Анча узак эмес мезгилдин аралыгында вирустук инфекциянын жайылуу масштабы эл аралык мүнөзгө ээ болду. Бүткүл дүйнөлүк саламаттык сактоо уюму коронавирустун жаңы түрүнө COVID-19 (SARS-CoV-2) деген расмий аталыш ыйгарды, ал эми 2020-жылдын 11-мартында адам үчүн коронавирус эпидемиясынын чоң коркунучтуулугун таануу менен, ага пандемия макамын берди жана өлкөлөрдө инфекциянын жайылуусун оздуктоо үчүн катуу чараларды көрүүгө чакырды.

Кыргыз Республикасында COVID-19 биринчи учуру 2020-жылдын 18-мартында табылды жана Коопсуздук Кеңешинин сунуштамасы боюнча Өкмөт тарабынан өлкөнүн бардык аймагында өзгөчө кырдаал режими киргизилди. Бирок бул чаралар күтүлгөн натыйжаны берベди, анткени республиканын айрым райондорунда кеңири жайылып кетүүсү мүмкүн болгон вирустук инфекциянын жугуу очоктору каттала баштады.

Тобокелдиктерди алдын алуу жана илдеттин очокторун локалдаштыруу максатында 2020-жылдын 24-мартында Президент тарабынан өлкөнүн айрым аймактарына өзгөчө абалды киргизүү жөнүндө жарлыктар кабыл алынды.


Шашылыш чараларды көрүүнүн зарылдыгын эске алуу менен Жогорку Кеңеш ошол эле күнү 2020-жылдын 25-мартынан тартып **Бишкек, Ош, Жалал-Абад шаарларынын, Ош облусунун Ноокат жана Кара-Суу райондорунун жана Жалал-Абад облусунун Сузак районунун аймактарында өзгөчө абалды киргизүү жөнүндө Президенттин жарлыктарын**[1] карады жана бекитти. Андан кийин өзгөчө абал режими жогоруда көрсөтүлгөн аймактарда узартылган жана кошумча 2020-жылдын 15-апрелинен 30 апрелине чейин **Нарын шаарында жана Нарын облусунун Ат-Башы районунда киргизилген**[2]**.**




[1] *Жогорку Кеңеш 2020-жылдын 24-мартында кабыл алган, Президент 2020-жылдын 24-мартында кол койгон*

[2] *Жогорку Кеңеш 2020-жылдын 14-апрелинде кабыл алган, Президент 2020-жылдын 15-апрелинде кол койгон*

# КАБЫЛ АЛЫНГАН ТОКТОМДОР ЖӨНҮНДӨ КЫСКАЧА МААЛЫМАТ




## КАБЫЛ АЛЫНГАН МЫЙЗАМДАР ЖӨНҮНДӨ КЫСКАЧА МААЛЫМАТ

Дүйнөлүк коомчулук 2019-жылдын аягында заманбап учурдун кезектеги чакырыгы – коронавирус инфекциясынын кеңири жайылышы менен кагышты. Көптөгөн өлкөлөрдө, алардын өнүгүү деңгээлине карабастан, COVID-19 калктын турмуш-тиричилигин камсыз кылуу тутумунун өзгөчө кырдаалдарга карата даярдыгы чөйрөсүндө көптөгөн көйгөйлөрдү ашкереледи. Түзүлгөн жагдай мамлекеттерден тез чараларды көрүүнү жана ыкчам чечимдерди кабыл алууну талап кылды. Ушуга байланыштуу Жогорку Кеңеш тарабынан социалдык коргоо, укук тартиби жана экономика чөйрөлөрүндө бир катар мыйзамдарга түзөтүүлөр киргизилди.

Алып айтканда, **«Коомдук саламаттык сактоо жөнүндө» жана «Жарандык коргонуу жөнүндө»**[1] мыйзамдарда жугуштуу оорулардын пайда болуу жана жайылуу коркунучу жаралганда киргизилүүчү чектөө иш-чараларынын тизмеги белгиленген. Өзгөчө кырдаалдардын кесепеттерин жоюу боюнча жумуштардын жетекчилерине өзгөчө кырдаал чөлкөмдөрүндө уюмдардын ишин, унаа жана адамдардын ары-бери жүрүүлөрүн убактылуу чектөөгө ыйгарым укуктар берилет.


### Карантин убагында:










[1] *Жогорку Кеңеш 2020-жылдын 30-апрелинде кабыл алган, Президент 2020-жылдын 7-майында кол койгон*

## КАБЫЛ АЛЫНГАН МЫЙЗАМДАР ЖӨНҮНДӨ КЫСКАЧА МААЛЫМАТ

Өзгөчө кырдаал же өзгөчө абал мезгилдеринде саламаттыкты сактоонун мамлекеттик жана муниципалдык уюмдарынын медициналык кызматкерлеринин укуктарын камсыз кылуу жана коргоо үчүн **«Медицина кызматкеринин статусу жөнүндө» Мыйзамга**[1] өзгөртүүлөр киргизилди. Түзөтүүлөрдө медициналык кызматкерлерге компенсациялар, жеке коргоо каражаттары, жумуш ордуна чейин жана кайра үйүнө унаа менен жеткирүү, эпидемия ж.б. жоюлгандан кийин кошумча акысы төлөнгөн өргүү менен камсыз кылуу каралган. Алардын өмүрүн жана саламаттыгын камсыздандыруунун мамлекеттик кепилдиктери күчөтүлгөн. Мисалы, жумуш мезгилинде алган оорунун кесепетинен каза болгон учурда, медициналык кызматкердин үй-бүлөсүнө 20-жылдык акчалай кармоо өлчөмүндөгү сумма төлөнүп берилет. Мыйзамда ошондой эле ооруп жана майып болуп калган учурларга да социалдык кепилдиктер каралган.

### Медициналык кызматкерлерге каралган:




**Жазык кодексине, Жоруктар жөнүндө кодекске жана Бузуулар жөнүндө кодекске**[2] жарандарды жугуштуу оорулардын жайылып кетүү коркунучунан коргоо механизмдерин өркүндөтүүгө багытталган өзгөртүүлөр киргизилген. Комендanttык саатты, карантинди, санитардык-эпидемиологиялык эрежелерди бузгандыгы, өзгөчө кырдаал, өзгөчө жана аскердик абал режиминин шарттарында дары-дармек каражаттарына жана тамак-аш азыктарына бааларды негизсиз көтөргөндүгү үчүн жоопкерчилик киргизилген.

### Жоопкерчилик киргизилген:




[1] *Жогорку Кеңеш 2020-жылдын 21-майында кабыл алган*


[2] *Жогорку Кеңеш 2020-жылдын 1-апрелинде кабыл алган, Президент 2020-жылдын 3-апрелинде кол койгон*

## КАБЫЛ АЛЫНГАН МЫЙЗАМДАР ЖӨНҮНДӨ КЫСКАЧА МААЛЫМАТ

**«Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө» Мыйзамга**[1] өзгөртүүлөр киргизилген, алар сатып алууларды тикелей келишим усулу менен жүргүзүү мүмкүнчүлүгүн кеңейтти. Мурда мыйзамда тикелей сатып алуу усулун колдонуу өзгөчө кырдаалдын кесепеттерин жоюу үчүн гана каралган. Мындан ары бул усулду күчөтүлгөн даярдык жана өзгөчө абалдын кесепеттерин жоюу режиминде колдоно берүүгө болот. Кабыл алынган түзөтүүлөр COVID-19 пандемиясы менен күрөшүүгө тартылган ыйгарым укуктуу органдарга сатып алууларды кулактандырууларды жарыялоосуз кыска мөөнөттө жүзөгө ашырууга мүмкүнчүлүк берет жана ошентип алардын иш-аракеттеринин натыйжалуулугун жогорулатууга өбөлгө болот. Ошентип, мисалы, пандемия шарттарында бул калкты, медицина жана укук коргоо органдарынын кызматкерлерин жеке коргоочу каражаттар, медикаменттер, дезинфекциялоочу каражаттар, тамак-аш азыктары ж. б. менен ыкчам камсыз кылууга мүмкүнчүлүк түзөт.




**Салык кодексине, Бузуулар жөнүндө кодекске, Салыктык эмес кирешелер жөнүндө кодекске жана «Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат орундарын ээлеп турган же ээлеген адамдардын кирешелерин, чыгымдарын, милдеттенмелерин жана мүлкүн декларациялоо жөнүндө», «Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу жөнүндө», «Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу мүчөлүк акыларынын тарифтери жөнүндө», «Акционердик коомдор жөнүндө», «Улуттук банк, банктар жана банк иштери жөнүндө» Мыйзамдарга**[2] Өкмөткө жана Улуттук банкка жеңип өтө алгыс күч жагдайларынын шарттарында жарандарды жана ишкерлерди колдоого багытталган убактылуу чараларды көрүү ыйгарым укуктарын берген түзөтүүлөр киргизилди. Алып айтканда, салык карыздарын төлөө боюнча кийинкиге калтырууларды же бөлүп төлөөлөрдү киргизүү, салык тарифтерин өзгөртүү, камсыздандыруу мүчөлүк акыларын төлөөдөн бошотуу, салыктык жана банктык отчетторду берүү, аудит өткөрүү жана башкалардын мөөнөттөрүн узартуу.




[1] Жогорку Кеңеш 2020-жылдын 15-апрелинде кабыл алган, Президент 2020-жылдын 21-апрелинде кол койгон
[2] Жогорку Кеңеш 2020-жылдын 1-апрелинде кабыл алган, Президент 2020-жылдын 3-апрелинде кол койгон

# КАБЫЛ АЛЫНГАН МЫЙЗАМДАР ЖӨНҮНДӨ КЫСКАЧА МААЛЫМАТ

Эпидемиянын республикадагы терс социалдык-экономикалык кесепеттерин жеңилдетүү максатында Азия өнүктүрүү банкы менен финансылык жардам көрсөтүү жөнүндө макулдашуу ратификацияланган. Бул каражаттар Өкмөттүн **ыкчам аракеттеринин программасын жана COVID-19 пандемиясы менен күрөшүүдөгү чыгымдарын колдоого**[1] арналган.

Макулдашуулардын алкагында Кыргызстанга 50,0 млн. АКШ долл. берилет, анын ичинен 25,0 млн. АКШ долл. грант болуп саналат.

Мындан тышкары, Эл аралык өнүктүрүү ассоциациясы менен саламаттыкты сактоо тутумун колдоо үчүн жеңилдетилген каржылоо көрсөтүү жөнүндө **(COVID-19 боюнча шашылыш долбоор)**[2] макулдашуу ратификацияланган. Долбоор медициналык кызматкерлерди колдоого, ошондой эле COVID-19 жуктуруп алган адамдарды эрте аныктоо жана дарылоо боюнча эпидемиологиялык чаралардын натыйжалуулугун жогорулатууга багытталган.

ADB
Азия өнүктүрүү банкы

**50**
(млн. АКШ долл.)

| Насыя | Грант |
|---|---|
| 25 | 25 |

IDA
Эл аралык өнүктүрүү ассоциациясы

**12,5**
(млн. АКШ долл.)

| Насыя | Грант |
|---|---|
| 6,075 | 6,075 |


## Долбоорду ишке ашыруу



эпидемиологиялык көзөмөлдүн натыйжалуулугун жогорулатат



көрсөтүлгөн медициналык жардамдын сапатын жогорулатат




медициналык кызматкерлерди финансылык жактан кызыктырууну карайт



медициналык кызматкерлердин коопсуздугун камсыз кылат

Жогорку Кеңеш тарабынан 2020-жылдын 1-апрелинде Өкмөттүн маалыматын угуунун жыйынтыктары боюнча **«Валюталык инфляцияга жана COVID-19 коронавирус инфекциясынын жайылышына байланыштуу терс социалдык-экономикалык кесепеттерди азайтуу боюнча чаралар жөнүндө»** токтом кабыл алынды.

Токтомго ылайык Өкмөткө, Улуттук банкка жана башка мамлекеттик органдарга калктын коопсуздугун жана социалдык корголушун, экономиканы, бизнести жана ишкердикти колдоону, мамлекеттик бюджеттин каражаттарын сарамжалдуу камсыз кылуу ж. б. боюнча чараларды көрүү жөнүндө бир катар тапшырмалар жана сунуштамалар берилген.

---

[1] *Жогорку Кеңеш 2020-жылдын 28-майында кабыл алган, Президент 2020-жылдын 1-июнунда кол койгон*

[2] *Жогорку Кеңеш 2020-жылдын 15-апрелинде кабыл алган, Президент 2020-жылдын 20-апрелинде кол койгон*

## ЖОГОРКУ КЕҢЕШТИН ПАРЛАМЕНТТЕР АРАЛЫК КЫЗМАТТАШТЫГЫНЫН КАРТАСЫ




## ЖОГОРКУ КЕҢЕШТИН ДЕПУТАТТАРЫНЫН ЧЕТ ЭЛДИК ЖУМУШЧУ ИШ САПАРЛАРЫ


Фракциялар боюнча




**ЭҢ КӨП** барган өлкөлөр

| | |
|---|---|
| Россия | 42 |
| Азербайжан | 10 |
| Казакстан | 9 |
| Туркия | 8 |
| Беларусь | 8 |

# ЖОГОРКУ КЕҢЕШТИН ТӨРАГАСЫНЫН ЧЕТ ӨЛКӨЛҮК МЕЙМАНДАР МЕНЕН ЖОЛУГУШУУСУ



4 ЧЕТ МАМЛЕКЕТТЕРДИН БАШЧЫЛАРЫ

12 ПАРЛАМЕНТТЕРДИН СПИКЕРЛЕРИ ЖАНА ВИЦЕ-СПИКЕРЛЕРИ

2 ЧЕТ ӨЛКӨЛҮК ПАРЛАМЕНТТЕРДИН ДЕПУТАТТАРЫ

8 БАШКА ДЕЛЕГАЦИЯЛАР

3 ПАРЛАМЕНТТЕР АРАЛЫК УЮМДАРДЫН БАШЧЫЛАРЫ ЖАНА ӨКҮЛДӨРҮ

7 ЧЕТ МАМЛЕКЕТТЕРДИН ЭЛЧИЛЕРИ

11 ЭЛ АРАЛЫК УЮМДАРДЫН ӨКҮЛДӨРҮ

# ЖОГОРКУ КЕҢЕШТИН ПАРЛАМЕНТТЕР АРАЛЫК УЮМДАР МЕНЕН КЫЗМАТТАШТЫГЫ

| | |
|---|---|
| 1. **КМШ Парламенттер аралык ассамблеясы** | 34 |
| 2. **Парламенттик Ассамблея** Жамааттык коопсуздук жөнүндө келишим уюму (ОДКБ) | 10 |
| 3. **Түрк тилдүү өлкөлөрдүн Парламенттик Ассамблеясы** (TURKPA) | 9 |
| 4. ЕККУ **Парламенттик Ассамблеясы** | 9 |
| 5. **Европа Кеңешинин Парламенттик Ассамблеясы** (ПАСЕ) | 3 |
| 6. **Парламенттер аралык бирлик** (МПС) | 1 |

1.

2.

3. TURKPA

4. OSCE PA

5. COUNCIL OF EUROPE CONSEIL DE L'EUROPE

6. 1889 Inter-Parliamentary Union For democracy. For everyone.

# ЖОГОРКУ КЕҢЕШТИН ТӨРАГАСЫНЫН ЧЕТ ЭЛДИК ИШ САПАРЛАРЫ ЖАНА ЖОЛУГУШУУЛАРЫ

## Латвия

**Жогорку Кеңештин Төрагасынын Латвия Республикасына расмий иш сапары**

**Жолугушуулар:**
- Латвия Республикасынын Сейминин Спикери И. Мурниеце менен;
- Латвия Республикасынын Президенти Э. Левитс менен;
- Латвия Республикасынын ТИМ башчысы Э. Ринкевичс менен;

*Рига ш., 14-16-октябрь 2019-ж.*

## Литва

**Литва Республикасына расмий иш сапар**

**Жолугушуулар:**
- Литва Сейминин Спикери В. Пранцкетис менен;
- Тышкы иштер министри Л. Линкявичюс менен

*Вильнюс ш., 16-18-октябрь 2019-ж.*

## Сауд Аравиясы

**Сауд Аравия Королдугуна расмий иш сапар**

**Жолугушуулар:**
- САК Аш-Шура Межлисинин Төрагасы Абдулла бин Мухаммад бин Ибрахим Аль Аш-Шейх менен;
- Соода палатасынын Директорлор Кеңешинин мүчөсү Шакар Алхарзи менен;
- САК Айлана чөйрө, суу жана айыл чарба министри Абдуль-Мухсин Аль-Фадли менен.

*Эр-Рияд ш., 16-18-февраль 2020-ж.*

## БАЭ

**Бириккен Араб Эмираттарына расмий иш сапар**

**Жолугушуулар:**
- БАЭ Федералдык Улуттук Кеңешинин Төрагасы Сакр Гобаш менен;
- Толеранттуулук министри шейх Нахаян Мубарак Аль Нахаян менен;
- БАЭ Билим берүү министри Хуссейн бин Ибрахим Аль Хаммади менен;
- Дубайдын мурасчы ханзаадасы шейх Хамдан бин Мухаммед бин Рашид Аль Мактум менен.

*Абу-Даби ш., Дубай ш. 18-20-февраль 2020-ж.*

## Казакстан

**Жогорку Кеңештин Төрагасынын Евразия парламенттеринин спикерлеринин Төртүнчү кеңешмесине катышуу үчүн Казакстан Республикасына жумушчу иш сапары**

**Жолугушуулар:**
- Казакстан Республикасынын Парламентинин Мажилисинин Төрагасы Н. Нигматулин менен;
- Тажикстан Республикасынын Оли Маджлисинин намояндагон Маджлисинин Төрагасы Ш. Зухуров менен;
- Молдова Республикасынын Парламентинин Төрайымы З. Гречаный менен;
- Казакстан Республикасынын Парламентинин Сенатынын Төрайымы Д. Назарбаева менен.

*Нур-Султан ш., 23-24-сентябрь 2019-ж.*

## Армения

**Жогорку Кеңештин Төрагасынын ЖККУ Парламенттик Ассамблея Кеңешинин отурумуна жана 12-пленардык отурумуна катышуу үчүн Армения Республикасына жумушчу иш сапары**

**Жолугушуулар:**
- РФ Мамлекеттик Думасынын ФЖ Төрагасы В. Володин менен;
- Армения Республикасынын Премьер-министри Н. Пашинян менен.

*Ереван ш., 4-5-ноябрь 2019-ж.*

## Азербайджан

**ТүркПА Кеңешинин отурумуна жана 9-Пленардык отурумуна катышуу үчүн Жогорку Кеңештин Төрагасынын Азербайжан Республикасына жумушчу иш сапары**

**Жолугушуулар:**
- Азербайжан Республикасынын Президенти И. Алиев менен;
- Азербайжан Республикасынын Милли Межлисинин Төрагасынын милдетин аткаруучу О. Асадов менен;
- Түркия Улуу Улуттук Жыйынынын Төрагасы М. Шентоп менен.

*Баку ш., 17-19-декабрь 2019-ж.*

## ЖАРАНДЫК КООМ ЖАНА ЖМК МЕНЕН ӨЗ АРА АРАКЕТТЕНҮҮ




**11** Чет өлкөлүк ЖМК

**15** Телекөрсөтүү

**3** Радио

**330** АККРЕДИТАЦИЯЛАНГАН журналисттер

**18** Басма сөз басылмалары

**23** Маалымат агенттиги

### ЭФИРГЕ БЕРҮҮЛӨРДҮ ЧЫГАРУУ

| | |
|---|---|
| 48 | «Күн тартибинде» |
| 29 | «Парламент» |
| 37 | «Парламентаризм сабактары» |
| 72 | Реалдуу убакыт режиминде ЖК жыйындары |

TV: КТРК, ЭлТР, Пирамида

| | |
|---|---|
| Фракциялар радио эфирде | 439 |
| Комитеттер радио эфирде | 128 |
| «Күндүн тартибинде» | 44 |
| «Парламент» | 476 |
| «Парламентаризм сабактары» | 37 |
| Реалдуу убакыт режиминдеги ЖК жыйындары | 72 |

90,2 - 107,7 FM

| Төраганын ЖМК менен жолугушуулары | Депутаттардын басма сөз конференциялары | ЖКнын басма сөз релизи |
|---|---|---|
| 19 | 11 | 4 500дөн ашык |

# ЖАРАНДЫК КООМ ЖАНА ЖМК МЕНЕН ӨЗ АРА АРАКЕТТЕНҮҮ

## Парламенттик радиону угузуу жыштыгы





## Фракциялар парламенттин радио эфиринде

| | СДПК | Республика – Ата Журт | Кыргызстан | | Өнүгүү-Прогресс | Бир Бол | Ата Мекен |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | 16 | 11 | 8 | **Түз эфир** | 0 | 3 | 6 |
| | 144 | 86 | 39 | **Жаңылыктар** | 52 | 37 | 37 |
| | 160 | 97 | 47 | **БААРЫ** | 52 | 40 | 43 |

## ЖАРАНДЫК КООМ ЖАНА ЖМК МЕНЕН ӨЗ АРА АРАКЕТТЕНҮҮ

Жогорку Кеңешке **ЭКСКУРСИЯЛАР**



БААРЫ

**3674**

**1855** студенттер

**1316** мектеп окуучулары

**474** ЖӨАБ депутаттары

**21** чет элдик делегаттар

**8** башка экскурсанттар

### ЖК WEB-сайты www.kenesh.kg




web-сайтты көрүүлөрдүн саны

**843 000**

web-сайтка киргендердин саны

**845 000**

## ЖАРАНДЫК КООМ ЖАНА ЖМК МЕНЕН ӨЗ АРА АРАКЕТТЕНҮҮ

Жогорку Кеңеш социалдык тарамдарда

| | 2020 | 2019 |
| --- | --- | --- |
| Facebook | 22 544 | 18 176 |
| YouTube | 13 800 | 6 300 |
| Instagram | 6 223 | 5 200 |

## ПАРЛАМЕНТТИН ИШ КАЛЕНДАРЫ

### Жогорку Кеңештин сессиялары

сентябрь, октябрь, ноябрь, декабрь, январь, февраль, март, апрель, май, июнь, июль, август

| Сессия | Башталышы | Аякталышы |
| --- | --- | --- |
| I сессия | 28 (октябрь) 2015-ж. | 30 (июнь) 2016-ж. |
| II сессия | 1 (сентябрь) 2016-ж. | 29 (июнь) 2017-ж. |
| III сессия (кезексиз) | | 25 (август) 2017-ж. |
| IV сессия | 4 (сентябрь) 2017 -ж. | 28 (июнь) 2018-ж. |
| V сессия | 5 (сентябрь) 2018-ж. | 27 (июнь) 2019-ж. |
| VI сессия (кезексиз) | | 8 (август) 2019-ж. |
| VII сессия | 2 (сентябрь) 2019-ж. | 25 (июнь) 2020-ж. |

### Парламенттик жумалык

**Жогорку Кеңештин жыйналыштары**

ДШ ШШ ШР БШ ЖМ ИШ ЖШ

**Комитеттердин жана убактылуу комиссиялардын жыйындары**

**Фракциялардын жыйындары**

БЕЛГИЛӨӨЛӨР ҮЧҮН

## БЕЛГИЛӨӨЛӨР ҮЧҮН

## БЕЛГИЛӨӨЛӨР ҮЧҮН

## ДҮЙНӨ ПАРЛАМЕНТТЕРИ

### ӨЛКӨЛӨРДҮН ПАРЛАМЕНТТЕРИНИН САЛЫШТЫРМА МҮНӨЗДӨМӨЛӨРҮ

| Парламенттин аталышы | Улуттук жыйын | Парламент | Фолькетинг | Улуттук Ассамблея | Жогорку Кеңеш | Сейм |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Түзүлгөн жылы | 1995 | 1997 | 1889 | 1971 | 1995 | 1923 |
| Депутаттардын саны | 132 | 150 | 179 | 57 | 120 | 100 |
| Өлкөлөр | Армения | Грузия | Дания | Коста-Рика | Кыргызстан | Латвия |
| Шайлоочулардын саны (млн. адам) | 2,58 | 3,51 | 4,15 | 3,02 | 2,85 | 1,55 |
| Бир депутатка шайлоочулардын саны (миң адам) | 25,6 | 23,4 | 23,2 | 53 | 23,8 | 15,5 |
| Депутаттын иш мөөнөтү | 5 жыл | 4 жыл | 4 жыл | 4 жыл | 5 жыл | 4 жыл |

## ДҮЙНӨ ПАРЛАМЕНТТЕРИ

### 2,2 млн.дон 4 млн.го. АДАМГА ЧЕЙИНКИ ШАЙЛООЧУЛАРДЫН САНЫ МЕНЕН

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Улуттук Ассамблея | Сейм | Парламент | Парламент | Стортинг | Улуттук Ассамблея | Парламент |
| 1932 | 1923 | 1990 | 1959 | 1890 | 1963 | 1963 |
| 128 | 141 | 101 | 120 | 169 | 71 | 124 |
| Ливан | Литва | Молдова | Жаңы Зеландия | Норвегия | Панама | Сиерра-Леоне |
| 3,26 | 2,40 | 3,02 | 3,14 | 3,64 | 2,41 | 2,69 |
| 25,5 | 17 | 29,9 | 26,4 | 21,5 | 34,6 | 21,7 |
| 4 жыл | 4 жыл | 4 жыл | 3 жыл | 4 жыл | 5 жыл | 5 жыл |

***Сабырбеков А.А.*** – Жогорку Кеңештин Аппаратынын ишине жалпы жетекчиликти ишке ашырат

***Касмамбетов С.С.*** – Жогорку Кеңештин мыйзам чыгаруу функциясын камсыз кылуу боюнча Аппараттын ишине жетекчиликти ишке ашырат

***Шаболотов Т.Т.*** – Жогорку Кеңешти уюштуруучулук, маалыматтык-аналитикалык, техникалык жана документтик жактан камсыз кылуу боюнча Аппараттын ишине жетекчиликти ишке ашырат

**Жогорку Кеңештин 2019-жылдын 1-сентябрынан 2020-жылдын 1-июнуна чейинки сессия мезгилиндеги иши жөнүндө Төраганын отчеттун даярдоо боюнча жумушчу тобу**

| | |
|---|---|
| ***Касмамбетов С.С.*** | – Жогорку Кеңештин Аппарат жетекчесинин орун басары, жумушчу топтун жетекчиси |
| ***Такенов Б.Т.*** | – Илимий изилдөө борборунун жетекчиси, жумушчу топтун жетекчисинин орун басары |
| ***Бактаева С.Д.*** | – Жалпы бөлүмдүн башчысы |
| ***Медералиев Ж.*** | – Котормо жана редакциялоо бөлүмүнүн башчысы |
| ***Назаралиева А.К.*** | – Кабыл алынган чечимдерди контролдоо бөлүмүнүн башчысы |
| ***Базарбаева А.Р.*** | – Илимий изилдөө борборунун сектор башчысы |
| ***Султанбаева Г.А.*** | – Илимий изилдөө борборунун сектор башчысы |
| ***Исаков Э.К.*** | – Маалыматтык технологиялар бөлүмүнүн эксперти |

«Жарандардын активдүү
катышуусундагы күчтүү
парламенттик
демократия»
долбоорунун алкагында
БУУӨП көмөгү алдында
басылып чыгарылды

Бул басылмада берилген ойлор Бириккен улуттар уюмунун,
Бириккен улуттар уюмунун Өнүктүрүү программасынын,
анын программа/долбоорлорунун же өкмөттөрдүн
көз-караштарын чагылдырууга тийиш эмес. Колдонулган
белгилөөлөр кандайдыр бир өлкөнүн, территориянын же
аймактын же алардын чек-араларынын укуктук статусуна
тиешелүү көз-караштарды чагылдырбайт.